| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ** | | **НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

09-ноябрь 2022-ж. № 16 Бишкек ш.

**Юридика, саясий жана социология илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 19-ноябрындагы №21 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 27-октябрындагы № 478 токтомунун (№ 8э/к-4/3 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын юридика, саясий жана социология илимдери боюнча эксперттик кеңештин 12.00.14 – административдик укук; каржы укугу, маалымат укугу; 12.00.01 –- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Аманалиев Урмат Олжобекович; 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук, 12.00.10 – европа укугу; эл аралык укук адистиги боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Джумалиев Данияр Сардарбекович; 12.00.08 – жазык укугу жана криминология; жазык-аткаруу укугу; 12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө ишмердүүлүгү (эмгектеринин жыйындысы боюнча); 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу (эмгектеринин жыйындысы боюнча ) адистиктери боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Саякова Мария Касымбаевна, 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук (авторефераты боюнча); 12.00.14 – административдик укук, финансы укугу, маалымат укугу (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Алибаева Гульнар Айтжановна, 23.00.02-саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча мүчөсү, саясий илимдердин доктору Мамытов Токтокучү Болотбекович Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендиктерине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.

2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин конституциялык жана административдик укук кафедрасынын профессору, юридика илимдеринин доктору, профессор Мырзалимов Руслан Муратбекович 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук (авторефераты боюнча), 12.00.10 – европа укугу; эл аралык укук (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысы, тарых илимдердин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдердин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**